КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ ТОҢ РАЙОНУ БОЛОТ МАМБЕТОВ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ		**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ ТОНСКИЙ РАЙОН МЕСТНЫЙ КЕНЕШ АИЛЬНОГО АЙМАКА БОЛОТА МАМБЕТОВА**

Болот Мамбетов айыл аймагынын жергиликтүү кеңеши

ТОКТОМ

2026-жылдын 27-августу №29 **Төрт-Күл айылы**

Акча каражаттарын жылдыруу жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 88-беренесине ылайык, "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 34, 39-беренелерин жетекчиликке алып, Болот Мамбетов айыл аймагынын жергиликтүү кеңеши, Болот Мамбетов айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин пландоо, бюджет жана экономикалык реформа, инвестиция тартуу маселелери боюнча туруктуу комиссиянын корутундусунун негизинде Болот Мамбетов айыл аймагынын жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1) 70111 – Аппарат бөлүмүнүн ВГ 2111100 – «Туруктуу кызматкерлердин эмгек акысы» беренесинен – 121 500 (бир жүз жыйырма бир миң беш жүз) сом; (киреше) 22122900 – «Башка байланыш кызматтарын көрсөтүү» беренесинен – 25 000 (жыйырма беш миң) сом. Жалпы суммасы: 146 500 (бир жүз кырк алты миң беш жүз) сом.

1. 70911 – Бала бакча бөлүмү (киреше) 22122900 – «Башка байланыш кызматтарын көрсөтүү» беренесинен – 96 500 (токсон алты миң беш жүз) сом. Каражат бөлүнүүчү беренелер: 1. 70111 – Аппарат бөлүмүнө (киреше) 22221200 – «Учурдагы чарбалык максаттар үчүн башка буюмдарды жана материалдарды алуу» беренесине Тоң районунун 90 жылдыгына карата шатыр (шатер) сатып алуу үчүн – 100 000 (жүз миң) сом; (киреше) 22154900 – «Башка кызмат көрсөтүүлөргө акы төлөө менен байланышкан башка чыгымдар» беренесине Тоң районунун 90 жылдыгына карата ижарага боз үй алуу үчүн – 21 500 (жыйырма бир миң беш жүз) сом; ВГ 22122900 – «Башка байланыш кызматтарын көрсөтүү» беренесине – 25 000 (жыйырма беш миң) сом. 2. 70911 – Бала бакча бөлүмүнө ВГ 22122900 – «Башка байланыш кызматтарын көрсөтүү» беренесине – 96 500 (токсон алты миң беш жүз) сом бюджеттик планга киргизилсин.

2)2026-жылдын жергиликтүү бюджетинде каралган каражаттарды кайра жылдыруу боюнча 70911 – бала бакча бөлүмүнө каралган чарба жана канцелярдык товарларды алуу үчүн 2026-жылдын 2222-беренесиндеги IVкварталына каралган 212,7 (эки жүз он эки миң жети жүз) сомду ушул эле бөлүмдөгү 2222-беренесине III- кварталына 212,7 (эки жүз он эки миң жети жүз) сом. 70629-ЖКХ бөлүмүнө каралган субсидия кызматына 2511-беренесиндеги ушул эле бөлүмдүн 2215- беренесине 200,0 (эки жүз миң) сомду жана 2214-беренесиндеги IVкварталына каралган 320,0 (үч жүз жыйырма миң), жалпы **732,7** (жети жүз отуз эки миң жети жүз) сом жылдырылсын.

3)Туура-Суу, Жер-Үй жана Темир-Канат айылдары үчүн республикалык бюджеттен келген трансферттик каражаттын эсебинен жалпы 4 224,9 миң сомду айыл өкмөтүнүн 70111- аппарат бөлүмүнүн 2215 «Дагы башка товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу» беренесине 2026-жылдын II кварталына көбөйтүлүп жылдырылсын.

4)2026-жылдын жергиликтүү бюджетинде каралган каражаттарды кайра жылдыруу боюнча, 70911 – бала бакча бөлүмүнө каралган чарба жана канцелярдык товарларды алуу үчүн 2026-жылдын 2222- беренесиндеги III- кварталына каралган 212,7 (эки жүз он эки миң жети жүз) сомду ушул эле бөлүмдөгү 2222-беренесине II- кварталына 212,7 (эки жүз он эки миң жети жүз) сом жылдырылсын.

5)2026-жылга жергиликтүү бюджеттен максаттуу трансферт катары бөлүнгөн 13050 (он үч миң элүү) сом өлчөмүндөгү каражатты 70911 – "Бала бакча" бөлүмүнүн 2222 – "Учурдагы чарбалык максаттар үчүн буюмдарды жана материалдарды алуу" беренесине Ак-Сай айылындагы №10 бала бакчасына ички видеокөзөмөл камераларын сатып алуу максатында жылдырылсын.

6) 70629-ЖКХ бөлүмүнүн 3112-Машиналар жана жабдуулар беренесинен 112,0 миң сом жана 70823-клуб бөлүмүндөгү 2215-Дагы башка товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу беренесинен 30,0 миң сом жалпы 142,0 мин сомду 70111 2215-Дагы башка товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу беренесинен 142,0 миң сом Дүйнөлүк көчмөндөр оюнун өткөрүү үчүн жылдырылсын.

7)Бул токтомду Болот Мамбетов айыл аймагынын башчысы Р.Кылжыров ишке ашырууну камсыз кылсын.

8) Болот Мамбетов айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин жооптуу катчысы бул токтомду каттоого алсын жана токтомдун көчүрмөсү тиркемелери менен бирге ченемдик укуктук актылар Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын юстиция Министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.

9)Бул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

10).Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Болот Мамбетов айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин пландоо, бюджет жана экономикалык реформа, инвестиция тартуу маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы А.Дүйшембиевага жүктөлсүн.

Жергиликтүү кеңештин төрагасы **М.Ж.Жунушалиев**